Педогогикалык кеңешме

тарабынын кабыл алынган

Протокол №_1_ "_1_" _09_ 2021-ж.

"Бекитемин"

Мектеп жетекчиси ________

Иманалиева Л.М.

"_1_" _09_ "2021-ж

**Сын-Таш айылынын Камчыбек Шакиров атындагы**

**жалпы билим берүү орто мектебинин**

**2021-2022-окуу жылына карай социалдык педагогдун жылдык иш-планы**

| № | Иш чаралардын мазмуну | Мөөнөтү | Жооптуу |
|---|---|---|---|
| **1** | Жаңы окуу жылына социалдык педагогдун иш-планын иштеп чыгуу жана иш алып баруу.<br><br>Профилактикалык кеңешменин курамын түзүү жана иш пландарын иштеп чыгуу. | Сентябрь | Мектеп жетекчилиги, соц.педагог, ИДН,ата-энелер комитети. |
| **2** | Окуучулардын жалпы контингентин аныктоо:<br><br>• окуучулардын саны,турмуш шарты оор үй-бүлөлөрдүн балдары,тобокел тобундагы балдар, тоголок жетимдер,жарым жетимдер, соц.жактан жетишпеген балдар,көп балалуу үй-бүлөнүн балдары,майып балдар, ички жана тышкы мигранттын балдар,Апрель,Баткен коогалаңынын баатырларынын балдарынын тизмесин тактоо. | Сентябрь<br><br>Январь | Соц.педагог<br><br>Классс жетекчилер |
| **3** | Сабакка катышпаган окуучуларды иликтөө жана аларды мектепке келүүсү боюнча иштерди жүргүзүү. | Жыл бою | Класс жетекчилер, соц.педагог |
| **4** | «Балдардын укугунун конвенциясы», КР адамдардын укук кодекстери,Балдар жөнүндө КРынын укук кодекстерин түшүндүрүү максатында ата-энелер жана балдар менен жолугушууларды өткөрүү. | Сентябрь | Тарбия завуч, соц.педагог,<br><br>класс жетекчилер |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 5 | Жашы жете элек балдардын тамеки тартуу,наркомания,ичкилик боюнча күрөш жүргүзүү үчүн иш-чараларды уюштуруу. | Октябрь | Соц.педагог<br>ИДНкызматкери<br>ҮБД айымы |
| 6 | Тамеки тартуу, аракечтик жана баңгиликтин жайылышына каршы профилактикалык рейддердин иш чараларын өткөрүү(дүкөндөр ж.б соода түйүндөрү). | Октябрь | Соц.педагог,<br>класс жетекчилер |
| 7 | Кылмыштуулуктун алдын алуунун иш пландарын иштеп чыгуу.Профилактикалык кеңешмелерди уюштуруу. | Чейрек сайын | Соц.педагог,<br>класс жетекчилер |
| 8 | Кылмыштуулукту алдын алуу боюнча ар кандай иш чараларды уюштуруу.« Биз кылмыштуулукка каршыбыз» деген девиздин астында спорттук мелдеш уюштуруу. | Ноябрь | Соц.педагог,<br>Дене тарбия мугалимдери, класс жетекчилер |
| 9 | Суициддин алдын алуунун иш пландарын иштеп чыгуу.Профилактикалык кеңешмелерди уюштуруу. | Ноябрь | Класс жетекчилер, соц.педагог |
| 10 | Мектеп окуучулар арасында зомбулук, мектеп рекети, талап-тоноочулукту болтурбоо,коррупцияга каршы күрөшүү боюнча пландарды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу.«Биз коррупциясыз келечек үчүн» деген девиздин астында класстык сааттар,сүрөт сынактарын өткөрүү. | Декабрь | Соц.педагог, тарбия завуч,<br>сүрөт мугалими Ибраева Р. |
| 11 | Гендердик теңчиликке жетишүү боюнча иш аракеттер:Класстык сааттарды өтүү(8-11класс). | Декабрь | Класс жетекчилер,<br>соц.педагог |
| 12 | Диний экстремизмдин жайылуусун алдын-алуу максатында иш чараларды уюштуруу.«Дин жана укук»,«Экстремизм деген эмне?» тарбилык сааттарды өткөрүү. | Декабрь | Соц.педагог,<br>тарбия завуч<br>класс жетекчилер |
| 13 | «Карнавал!» «Жаны жылдык окуялар» ж.б " Жаңы жылдык балаты" майрамын уюштуруу жана өткөрүү. | Декабрь | РБББ, мектеп администрациясы, класс жетекчилер<br>ИДН кызматкери |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 14 | Жол транспорт кырсыктарын алдын алуу менен балдардын ден-соолугун жана өмүрүн коргоо.<br><br>-«Жолдо жүрүүнүн эрежеси»,«Абайлагыла тайгак жол!»,<br><br>«Көңүл бургула- темир жол!»,«Биз коопсуз жашоо үчүн» -деген темада класстык сааттарды өтүү. | Январь | Класс жетекчилер |
| 15 | 9-11-класстын окуучулары үчүн«Көчөдөгү жүрүм-турум»,«Жашоонун сергек мүнөзү" жана " Жолдо жүрүү эрежеси»-деген темада тегерек стол уюштуруу. | Февраль | Класс жетекчилер, соц.педагог, |
| 16 | Мектеп айланасын, көчөлөрдү жашылдандыруу үчүн иш ара-кеттер. Ишембиликке чыгуу,көчөттөрдү тигүү. | Март, Апрель | Мектеп жетекчилиги,<br><br>Класс жетекчилер |
| 17 | Тимур отрядынын кыймылын өркүндөтүү<br><br>(8-9- класстын окуучулары) | Жыл бою | Соц.педагог,<br><br>класс жетекчилер |
| 18 | 9-11-класстын окуучуларына кесипти туура тандоо боюнча<br><br>иш-чараларды уюштуруу. | Май | Мектеп жетекчилиги,класс жетекчилер |
| 19 | Эл аралык балдарды коргоо күнүнө карата иш алып баруу. | Июнь | Мектеп жетекчилиги, класс жетекчилер |

Соц.педагог: Жакиева У.А.

# Сын-Таш айылынын Камчыбек Шакиров атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин

# 2021-2022-окуу жылына карата

# социалдык педагогдун аткарылган жарым жылдык ишине талдоо.

**Сын-Таш айылынын Камчыбек Шакиров атындагы жалпы билим берүү**

**орто мектебинин 2021-2022-окуу жылына карата**

**социалдык педагогдун аткарылган ишине жылдык талдоо.**

**Максаты:**

- 1.Окуучулардын жеке укугун коргоо.
- 2.Соц.педагогдун жобосу ,укуктары жана милдеттери,жоопкерчилиги , ишти пландаштыруу,жылдык жана айлык пландарды иштеп чыгуу,план боюнча иш алып баруу.

**Милдети:**

1.Соц.педагогко коюлуучу квалификациялык талаптарды сактоо.

2.Баардык курактагы балдар менен жекече жана социалдык көйгөйлөрүн аныктоо максатында педагогикалык изилдөө жүргүзүү.

3.Жаштарга жана карыларга кайрымдуулук иштерин жүргүзүү. Окуучулардын инсандыгын формалаштыруу, үй-бүлөгө социалдык педагогикалык жардам берүү.

4.Окуучулардын документтерин тактоо,класстарда социалдык паспортун жаңылап түзүү.

5.Класс жетекчилер жана ИДН инспектору менен биргеликте иш алып баруу.

**Сентябрь**

К.Шакиров атындагы жалпы билим берүү орто мектебинде 15-сентябрьда "Билим күнүнө" карата 30 мөөнөттүк салтанаттуу линейка болду.1-11-класстын окуучуларына класс жетекчилер "Желбирей бер, Эгемендик желегиң!", "Мекеним Кыргызстан"-деген темада класстык сааттарды өткөрүштү.

Мектепте жаңы окуу жылына карата 9 адамдан турган профилактикалык кеңеш түзүлдү. Биринчи кеңеште жаны окуу жылына карата иш план түзүлдү. Ата –энелер комитетин түзүү үчүн мектеп боюнча ата-энелер чогулушун өткөрдүк.Мындан тышкары окуучулардын жүрүм-туруму жана мектеп формасы,ысык тамакты берүү боюнча сөз болду.

Бул ай ичинде эч кандай тартип бузуулар катталган жок.Мектепте ар бир жума сайын класстык саттар өткөрүлүп турат.1-11-класстын окуучуларына " Жол эрежеси"

жана “ Техника коопсуздугу” боюнча класстык сааттар өткөрүлдү. Күндөлүктөрүнө “Үй-мектеп” маршруттук схемалары чийилди.

18-сентябрда жолдо жүрүүнүн эрежесин сактоо боюнча, план түзүлүп бекитилди. Пландын негизинде «Жолдо жүрсөң так бол, шумкарлардай сак бол!»-деген темада 4-класссттын мугалими Аблаева Чынара Намазбековна тарбиялык саат өттү. МАИ кызматкери Асанканов Темирлан чейрек сайын келип ,окуучулар менен жолугуп,лекция окуп турат.

9-класстын класс жетекчиси Ибраева Ырыс эже окуучуларына “Жол коопсуздугу” боюнча классттык саат өттү. Окуучулар жолдо жүрүүнүн эрежесин жана жол белгилерин так билүүгө, жолдо жүрүүдө, өздөрүн тыкан алып жүрүүгө үйрөнүштү. Ошондой эле чейрек сайын балдар каникулга чыгардын астында ар бир класста “Жол коопсуздугу” боюнча дептер ачылган. Окуучулар кол коюп берип каникулга кетишет.Ар бир окуучу жолдо жүрүү эрежесин так биле алышат.

15-сентябрда мектепте 7-8-9-класстын окуучуларынын арасында 8 окуучудан турган “Милициянын жаш достору” деген топ түзүлдү. Соц.педагог Жакиева У.А. тарабынан план түзүлүп, иш-чараларга милициянын жаш достору активдүү катышышат. Ошондой эле ИДН инспектроу Усупбаев.А.Т. ай сайын келип, окуучулар менен иш алып барганда көмөк көргөзүшөт.

**Октябрь**

1-4-класстарга чейин “Өздүк гигиенаны сактоо” деген темада класстык сааттар өткөрүлдү. 7-11-класстарга “Тазалык ден соолуктун булагы” деген темада класстык саат өтүлдү. Мындан тышкары мектепте 1-октябрь карылар күнүнө карата “ Карысы бардын, ырысы бар”- деген темада класстык сааттар өтүлдү. 5-октябрь “Мугалим мөмөлүү дарак”-деген темада класстык сааттар жана атайын даярдалган салтанатттуу чакан концерт болду.

“ Манас “ , “ Семетей” , “ Сейтек “ коомдук түзүлүшүндөгү бирикме иштеп жатат. Мындан тышкары мектепте спорттук оюндар жана көркөм өнөр кружогунда 31 окуучу катышып жатат.

5-октябрьда Камчыбек Шакиров атындагы жалпы билим берүү орто мектебинде, жарандык өрт коопсуздугу боюнча окутууну жакшыртуу, өрт коопсуздугунун эрежелерин үйрөтүү жана жайылтуу, өрт коопсуздугу боюнча окуучулардын билимин жогорулатуу

максатында атайын мугалимдер жамаатынын ичинен жаш мугалимдердин арасынан "Өрт өчүрүүчүлөр уюму" түзүлүп, жобосу бекитилди.

Ошондой эле өрт өчүрүүчүлөр уюмунун программасын иштеп чыгарылды.

9-11-класстардын окуучуларынан "Жаш өрт өчүрүүчүлүрдүн уюму" түзүлдү. Ал уюмга 8 окуучу катышат.

" Жаш өрт өчүрүүчүлүрдүн уюмун" бурчун уюштурулду ."ЖӨӨУ" программасын иштеп чыгарылды. 1-11 класс жетекчилери өрт коопсуздугу боюнча окуучуларга класстык саттарды ,түшүндүрүү иштерин жүргүзүп турушат.

"ЖӨӨУ" уюштуруу иши ТТКН мугалимине жүктөлсүн, Жумагулов Калыбек агайга жүктөлүп ,ар кандай иш-чараларды өткөрүп турат.

11-октябрда "Кыздар күнүнө" карата Тельман айылынын маданият үйүндө атайын чакан концерт болду. Ага 11-класстын 4 окуучусу барып,катышып бий номерин аткарып келишти.

16-октябрда ата-энеси Россияда эмгектенип жаткан ,убактылуу таенесинин колунда жашап жаткан 8-класстын окуучусу Токтобекова Шириндин үйүнө рейд кылынды. Балдардын жашоо шарты менен тааныштык, канаттандыларлык.

19-октябрьда соц.педагог Жакиева У.А. жана класс жетекчиси Жумашова М.С .

9-класстын окуучусу Болотов Имандын үйүнө рейд кылынды. Болотов Имандын апасы каза болуп калган, атасы Россияда эмгектенет.Бала таенесинин колунда жашайт. Жашоо шарты менен таанышып,түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.Окуучулардын үйүнө рейд кылынган сайын АКТ түзүлүп, атайын папкага салынып турат.

2021-2022-окуу жылында мектеп ичиндеги жана ИДН учетуна катталган окуучулар болгон жок. Одоно тартип бузуп, зомбулук иштерин жүргүзгөн, сабактарды себепсиз калтырган окуучулар болгон жок. Алдын алуу кеңешинде класс жетекчилер учетко алына турган окуучулар жок экендигин билдиришти. Мектепте "Ишеним почтасы" иштеп турат. Окуучулар арасында укук бузуулар катталбагандыгына байланыштуу мектеп учетуна эч ким катталган жок.

Ошондой эле тоокел тобундагы окуучулар менен ай сайын жолугушуу,маектешүү болуп турат,түшүндүрүү иштери жүргүзүлөт.

Мектепте быйылкы окуу жылында мыйзам бузуу, укук бузуу жана одоно тартип бузуулар катталган жок.Ошондой эле ИДН учетуна катталган окуучулар болгон жок. Класс жетекчилер ар жума сайын класстык ,тарбиялык сааттарды өтүп турушат.

**Ноябрь**

"Терроризмге жол жок" -деген темада мектептин соц.педагогу Жакиева Уулбек 9-10-11-класстын окуучуларына доклад жазап, тегерек столдо маектешүү болду. "Дин жөнүндө маалымат "-деген темада ар бир класстарда класстык сааттар өткөрүлдү.

Мектепте 7-ноябрь "Тарых жана ата-бабаларды эскерүү" күнүнө карата, 8-ноябрь күнү мектепте 5-11-класстардын окуучуларына линейка уюштурулуп, окуучуларга мектептин тарых мугалими Дыйканбаев Каныбек Жекшенович ата-бабаларыбызды эскерүү менен бирге бул күн тууралуу маалымат берди.

1-11-класстардын окуучуларына "Өткөн тарыхты билбеген –келечекке жол таппайт"-деген темада класстык сааттар жана тарых тууралуу ар кандай докладдар жана видео слайддар көргөзүлдү.

Бул айда тобокел тобундагы балдардын үй-бүлөлөрүнө рейд жүргүзөбүз.

**Декабрь**

1-декабрь "ВИЧ/СПИД инфекцияларына каршы күрөшүү күнүнө карата бир айлык иш-планы түзүлүп, сүрөт , жат жазуу сынактары уюштурулду жана мектептин фоесине дубал газета чыгарылды. Мындан тышкары "СПИД-кылым душманы", "СПИД -айыккыз илдет"-деген темаларда видео слайддар жасалып, 9-10-11- класстарында класстык сааттар өткөрүлдү.

3- декабрь «Бүткүл дүйнөлүк майыптар күнүнө » карата мектепте "Боорукерлик адамдын жакшы сапаты » - деген темада 1-4-класстарда ачык сааттар өткөрүлдү.Мындан тышкары 8-11- класстардын окуучуларына "Майып адамдар дайыма жардамга жана коргоого муктаж"-деген темада тегерек стол уюштурулуп, ар бир окуучу активдүүлүктөрүн көрсөтүштү. Боорукердик, камкордук деген темада сүрөт жана дил баян сынагы өткөрүлдү. Мектепте 2 майып окуучу окуйт :

Алар: Шаршенбеков Ислам 6а- класс

Орозбеков Мирлан-5 класс.

Мектептен тышкары үйдөн окуган майып балдар 2-окуучу.Дөөталиева Анархан эже үйдөн окуган майып балдарды 1 айда 4 жолу барып сабак өтүп турат.

4-декабрь "Манас" күнүнө карата мектепте 5-9-10-11-класстардын окуучуларына линейка болуп, мектептин кыргыз тил мугалими Тейишова Жылдызбу Кетменбаевна " Манас" эпосу боюнча кыскача доклад окуду.

Жана ошондой эле башталгыч класстарга "Манас" айтуу , сүрөт , дил баян сынактары уюштурулуп окуучулар активдүүлүктөрүн көрсөтүштү жана мектептин китепканасында "Манас" үчилтиги боюнча көргөзмө чыгарылды.

15-декабрда мектептин соц.педагогу , тарбия иштери боюнча директордун орун басары жана жаш өспүрүмдөр менен иштөө инспекциясынын тескөөчүсү уюштурган "Өзүндүн укугунду сактоону үйрөн,бирок башкалардын да бар экенин унутпа" деген темада тегерек стол, маектешүү болду. Бул тема боюнча окуучулар "Адам укугу"," Балдар үчүн кандай мыйзамдар бар?","Укук деген эмне?" жана башка ушу сыяктуу көптөгөн суроолорго жооп ала алышты жана катуу талкуу болду.

27-28-декабрда мектептен окуучуларга арналган "Жаңы жылдык балаты" майрамы уюштурулду.1-8-класстын окуучуларына "Өзүн-өзү башкаруу уюму"тарабынан майрамдык жомок,оюндар көргөзүлдү.Окуучулар абдан кызыгуу менен катышышты,жаңы жылдык кечеден кийин үйлөрүнө аман эсен кайтышты. 9-11-класстын окуучуларына "Карнавал" кечеси болду. Эч кандай тартип бузуулар катталган жок. 24-декабрда "Президенттин балатысына" 4а-класстын окуучусу Болотова Сабина жиберилди.

26-декабрда Райондук акимдин балатысына 5-класстын окуучусу Кенжегулов Кычан барып,концертин көрүп,чакан белегин алып келди. 27-декабрьда Чүй облусунун өкүлүнүн балатысына 7-класстын окуучусу Аскарова Касиет барып келди.

**Январь**

Мектепте 15-январдан 15-февралга чейинки бир айлык иш-пландын негизинде класстарда "Балдарга карата зордук-зомбулукту токтотуунун максатында"-түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп,класстык сааттар өтүлүп жатат.

Үй-бүлөдөгү зомбулуктун алдына алуу боюнча ата-энелери чет өлкөдө жүргөн жана өгөй ата-энелер менен жашаган окуучулардын үй-шарттарына чыгып ,жашоо шарттарын карап түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

“Зордук-зомбулукка жол бербе” –деген темада мектепте бурч уюштурулуп,балдарга көргөзүлдү. Зордук-зомбулуктун түрлөрү боюнча сүрөт сынагын өткөрүлдү.

“Зордук-зомбулукка кабылган бала коргоого муктаж”,”Сенин укугун бар»-деген темада тегерек стол уюштурулду,видео роликтерди көрсөтүлдү. “Мектептеги зордук-зомбулукка жол жок”- деген темада 9-10-11-класстардын окуучуларына түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп,мектептин соц. педагогу Жакиева Уулбек балдарга доклад окуду.

Окуучуларга күнү-түнү иштөөчү маалымат борбору 111-ишеним телефону жөнүндө маалымат берилди.

Соц.педагог: Жакиева У.А.